«Сен ак болсоң, мен ак болсом, коомда таза болот»
*И. Раззаков*

Гезит 2000-жылдын 22-январында негизделген

# БАТКЕН ТАҢЫ

№31 (705)
31.08.2015 -ж.
Дүйшөмбү

*Атайын чыгарылыш*

"БАТКЕН ТАҢЫ" ЭЛДИН ГЕЗИТ
16000 даана ай сайын



Алмазбек АТАМБАЕВ - КРнын Президенти:

# «БАТКЕН - БААРЫ СЫЙМЫКТАНГАН ӨРӨӨНГӨ АЙЛАНАТ»



Алмазбек Атамбаев - КРнын Президенти:

# «БАТКЕНДЕ КАЛКТЫН ТУРУКТУУ ЖАШАП КАЛУУСУ ҮЧҮН БАРДЫК ШАРТТАРДЫ ТҮЗӨБҮЗ»



Баткен облусу өзгөчө стратегиялык аймак. Эки Республика менен чектешкен өрөөнгө өз учурунда бийлик тарабынан ойдогугдай көңүл бурулган эмес. Натыйжада элдин бийликке болгон ишеними жоголуп, миграциялык агымы күчөгөн. Жол, суу, чек арага байланышкан көйгөлөр күн санап күчөп, ал турсун аягы кан төгүүлөр менен аяктап турган. Ушунан улам айрым заар тилдүүлөр «чек ара маселеси коңшу мамлекеттердин прези-

(Уландысы 3-бетте)

**денттерисиз чечилбейт» деген маалыматтарды да таратып жүрүштү. Бирок, иш жүзүндө андай болгон жок. Акыркы үч жылдын ичинде Президент Алмазбек Атамбаевдин чечкиндүү аракеттери менен коңшу өлкөлөргө көз карандысыз чек ара, жол, электр энергиясына байланышкан негизги маселелер чечилди.**

Облус болуп түзүлгөндөн кийин деле Баткенге жогорку бийлик тараптан ойдогудай көңүл бурулган эмес. Күн алыс жер, суу, чек арага байланышкан жаңжалдар чыгып, бийликке наразы болгондор маал-маалы менен жолдорду тосо баштакшан. Өзбек, Тажик Республикалары менен чектешкен Баткен өрөөнүндөгү мындай кырдаал 1924-жылдан баштап эле улам кайталанып, окуялар кан төгүү менен аяктап турган.

Улуттар аралык жаңжалдар мамлекеттик деңгээлге чейин жетип, ал турсун кан төгүлгөн чыр-чатакты токтотуу үчүн 1989-жылы Кыргыз, Тажик Республикаларынын биринчи катчылары А.Масалиев менен Н.Махкамовдор келишкен. Тамыры тереңдеп кеткен кыргыз-тажик чек арасындагы бул жаңжалга Москва аралашкан. Ворух анклавынын айланасындагы суу жана жер талаштан чыккан жаңжал көп өтпөй эле кийин дагы кайталанган. Тилекке каршы бул жолу да эч нерсе чечилген эмес. Жөн гана элди ишендирип, мына чечебиз деген убадалар менен гана чектелишкен. Убакыт өткөн сайын, айыккыс ооруга айланып бараткан чек арадагы кан төгүлгөн

(Уландысы 4-бетте)



















мындай окуя 2014-жылы Ак-Сайда дагы кайталанды. Үйлөр өрттөлүп, эки өлкөнүн чек арачылары ок чыгарышып, бул жолу да кан төгүлдү. Кылымга созулган тажик-кыргыздын ортосундагы чек ара жаңжалы чечилбейт, элди көчүрүш керек же тажиктер менен жер алмаштырылыш керек деген пикирлер айтыла баштаганда Алмазбек Атамбаев Тажик Президенти Имамоли Рахмон менен бир пикирге келип, Ак-Сай-Көк-Таш жолу курулду. Натыйжада жүз жылдан бери болуп келген жаңжалдарга чекит койулду.

Сөз болуп, бирок ишке ашпай келген Тажикстанга көз карандысыз Көк-Таш-Ак-Сай жолунун кыска аралыкта курулуп, пайдаланууга берилиши карапайым элдин үмүтүн кайра жандырды. Алмазбек Атамбаевди улуттун лидери деп чыгышты. Мунун чоң себеби бар эле. Анткени Тажикстандын Хожо-Ало айылын аралап өткөн аксайлыктар жаңжал чыкканда эле жол жабылып далай азап чегишкен. Автоунаалар талкаланып, массалык уруш - жаңжалдарды баштан кечиришкен. Анын үстүнө Баткен районундагы Тажикстан менен чектешкен Ак-Сай айыл аймагы бир эле Баткен облусунун эмес мамлекет үчүн да өзгөчө стратегиялык мааниге ээ. Дал ушул аймактан Лейлек районуна, Сүлүктү шаарына жана Баткен районунун Ак-Сай, Самаркандек, Ак-Татыр айыл аймактарына жол, суу, электр энергиясы өткөн. Мындан тышкары Баткен районунун Төрт-Гүл суу сактагычына өтүүчү каналга дагы дал ушул Ак-Сай айылында жайгашкан суу бөлүштүрүүчү түйүнү аркылуу суу келет.

Жеңиш Разаков - КРнын Өкмөтүнүн Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү:

# “АКЫРКЫ ҮЧ ЖЫЛДА БАТКЕНДИН БАШКЫ КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЧЕЧИЛДИ”



**Акыркы 3 жыл ичинде Баткендин башкы көйгөйлөрү чечилди. Дүйнөлүк Банк Еврокомиссиянын 1 млрд. 986 млн. сомунун эсебинен Көк-Талаа-Пүлгөн, Пүлгөн-Ак-Турпак-Баткен унаа жолдору курулуп, пайдаланууга берилди. Ошондой эле, 125 чакырым болгон Баткен-Исфана жолунда Кытай Эл Республикасынын «Инэксим» банкынын 92 млн. долларлык каражатка жол курулуш иштери жүрүүдө. Андан сырткары, Баткен облусунун чек арасы Караван айылынан Көк-Талаа – Пүлгөн жолунун башталышына чейин жана Исфана-Сүлүктү-Кайрагач долбоорунун иштерине да каражаттар каралууда. 2016-жылга чейин Ош-Исфана ири долбоордун Баткен облусундагы бөлүгү толугу менен бүтүп, Тажикстандын Ходжент шаарынын чек арасына чейин жол курулушу жүрөт. Бул жолдун курулушу аяктаса, Кытай – Кыргызстан – Тажикстан – Афганистан – Иран – Пакистан дүйнөлүк жолуна кошулушуна мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ал өз кезегинде Баткен облусунун экономикасынын өсүүсүнө түздөн-түз таасирин тийгизет.**

***-Жеңиш Парпиевич Баткендин жол көйгөйлөрү толук чечилдиби? Кепти ушундан баштайлы. Себеби баткендиктер башкаларга караганда жолдун азабын көп тартышпадыбы?***

-- Туура, биз географиялык жактан Өзбек, Тажик Республикалары менен чектеш жашаганыбызга карабастан чек ара маселелери такталбай, анын азабын тарткан элбиз. Элибиз чын эле таштак жолдо, 7-8 саат Тажикстандын, Өзбекстандын анклавтарын айланып далай кыйынчылыктар менен катташчу. Анын үстүнө коңшуларга көз каранды болуп, Сохтон, Ворухтан өтчүбүз. Чек ара тосмолордогу кыйынчылыктарга элибизди өйдө-төмөн каттоосуна чоң тоскоолдук болчу. Акыркы үч жылдын ичинде бул көйгөйлөр толук чечилип, элибиз Өзбекстанга да, Тажикстанга да көз карандысыз Ош - Баткен - Исфана жолу курулуп, аяктоо алдында турат. Кар кетип, из жоголгону менен ошол кыйын күндөрдө таштак жолду басып өткөн элибиз Өлкө башчысына көп жерде ыраазычылыгын айтып жүрүшөт. Президент Алмазбек Атамбаевдин чечкиндүү чечимдери болбогондо мындай стратегиялык мааниси бар чоң жумуштар ишке ашпайт эле да.

***— Жол курулушуна Республикалык бюджеттен да акча каражаты бөлүнгөнбү?***

— Мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн 1 млрд. 334 млн. сомдон 428 млн. сому Баткен облусунун ички жолдоруна сарпталды. Анын негизинде Өзбек жана Тажик Республикалары менен ички көз карандысыз жолду салууга жетиштик. Тажик Республикасы менен биргеликте Лейлек районунда Кулунду – Максат 2 жаңы көпүрөсү курулду. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттын эсебинен жалпы баасы 185 млн. сом болгон Бел-Сөгөт-Бежөй жолунун 12,5 чакырымына 68 млн.

(Уландысы 6-бетте)



сом акча каражаты сарпталып, жол колдонууга берилди. Ошондой эле Айгүл-Таш-Согмент-Таян жолунун 15,7 чакырымына 75,6 млн. сом акча каражаты сарпталып, жаңы жол транспорт каттамына берилди. Жалпы баасы 587 млн. сом болгон Ак-Сай-Рават жолунун 25 чакырымына 77 млн. сом акча каражаты сарпталып, жаңы жол бүткөрүлдү. Ал эми Көк-Таш-Ак-Сай-Тамдык жолунун 24,5 чакырымына 61 млн. сом акча каражаты бөлүнүп, жаңы жол ишке кирди. Учурда, пландын негизинде жол куруу иштери улантылууда. Облуста жергиликтүү бюджеттин эсебинен шаар, айылдарыбыздын көчөлөрүнө шагыл төшөө, жарыктандыруу, жашылдандыруу, тротуарларды куруу боюнча алгылыктуу иштер жүрүп жатат. 2014-жылы 890 млн. сомго курулуш иштери жүргүзүлдү. Атап айтканда, 346 чакырым жолго шагыл төшөлүп, 55,7 чакырым тротуар жасалды, 106 чакырым көчө түнкү жарык менен камсыздалды. 20 даана светофор орнотулуп, 40 спорттук аянтча, 28 чакырым таза суу түтүктөрү орнотулду.

***— Чек ара аймактарын делимитация жана демаркация иштеринин бүгүнкү абалы кандай?***

— Учурда делимитация жана демаркация иштери жүрүп жатат. Чек ара маселелери толук чечилбегендигине байланыштуу кээ бир учурларда эки тараптын түшүнбөстүгүнүн негизинде чыр-чатактар орун алууда. Кыргыз-өзбек же кыргыз-тажик чек араларындагы жаңжалдардын себеби, жол, суу, жайыт жана жерге болгон маселелери буга чейин чечилбей келген. Президент



Атамбаев Алмазбек Шаршеновичтин жана КРнын Өкмөтүнүн чечкиндүү кадамдарды кабыл алуусу, чек арада жашаган Баткен эли үчүн көргөн камкордугуна жалпы элдин атынан ыраазычылык билдирем. Анткени, көп жыл бою сөз болуп, бирок ишке ашпай келген коңшуларга көз карандысыз жолдорду курууга Мамлекет башчыбыз жеке көзөмөл жүргүзүп, алардын ыкчам ишке ашуусун камсыз кылды. 2012-жылы "КРнын айрым чек ара аймактарына өзгөчө статус берүү жана аларды өнүктүрүү жөнүндө" кабыл алынган мыйзамынын негизинде биз тараптан чек ара аймактарды өнүктүрүү боюнча программа иштелип чыккан. Ага 3 млрд. 232 млн. сомдук акча каражаты керектиги такталган. Бүгүнкү күндө мамлекет тарабынан бөлүнгөн 371 млн. сом Сох анклавынын айланасындагы чыр-чатактарды чечүүгө жумшалды. Андан сырткары Лейлек районундагы Катта-Туз участкасындагы нефть жана газ скважиналары боюнча иштер жүрүүдө.


***— Облустун социалдык-экономикалык абалына токтолсоңуз?***

— Баткен облусу 15 жыл аралыгында көп тарыхый окуяларды баштан кечирди. Байма-бай чыгып келген чек ара жаңжалдары дал ушул мезгилге туш келди. Бирок, кандай болбосун учурда баары артта калды.

Экономиканын барометри болгон салык топтоо көлөмү – 2012-жылы 626 млн. сом болсо, 2014-жылы 1 млрд. 166 млн. сомго жетти же 2012-жылга салыштырмалуу 2 эсеге көп болду. Айыл-чарбасында жылына кошумча 4 миң гектарга экинчи эгин эгилет. Анын ичинде картошка, жашылча жана мөмө-жемиштер да бар. Ошондой эле облуска 19 млрд. 219 млн. сомдук инвестиция тартылды. Анын ичинен 6 млрд. 309 млн. сом жол курулушуна келди. Социалдык тармак боюнча акыркы 3 жыл ичинде 10 мектеп ишке берилди. Учурда 19 мектепте Республикалык бюджеттин эсебинен курулуш иштери жүрүп жатат, анын ичинен 14 жаңы мектеп салынууда.



**А. Акматов,** ***журналист***



Зайнидин ДУБАНАЕВ -
Ак-Сай айылынын тургуну:

# “АК-САЙ ЭЛИ ӨЛКӨ БАШЧЫСЫНА ӨТӨ ЫРААЗЫ”

*Ак-Сай айылы райондун борборунан 45-50 чакырым алыс жайгашкан өзгөчө стратегиялык аймак. Тажик Республикасын ын Точикон, Хожало, Ворух, Чоркух, Сурх айылдары менен чектешкен Ак-Сай аркылуу Лейлек району менен Сүлүктү шаарына жол өтсө, Баткен районуна Төрт-Гүл каналы аркылуу агын суу келет. 100 минден ашык калк жашаган тажик айылдарында калктын саны күн санап өскөн сайын, жерге болгон муктаждык күч алууда. Мына ошондуктан коншу өлкөнүн тургундары 8000 ден ашык калкы бар, Ак-Сай аймагын эле эмес, ага жакын жайгашкан Үч-Дөбө, Ак-Татыр, Таш-Тумшук айылдарынын аймагынан жер өздөштүрүп алуунун аракеттерин көрүп келишкен. Бул көйгөй 1924-жылдан бери чечилбей 1968, 1975, 1989, 2014-жылдары кайталанып акыры адам өлүмү кыйылган фактылар менен коштолгон. Ошентип, жер, суу, чек ара маселелери бул аймакта курч бойдон кала берген.*

Ошол себептен Баткен облусунда, айрыкча Баткен жана Лейлек райондорунун аймактарында Ак-Сай айылдык аймагынын айылдарында



чыр-чатактар көбөйө берген. Ал турсун Тажик Республикасынын айылдарында аралап өтүүдө коркунуч пайда боло баштады. Кыргыз жарандарынын автоунааларын талкалаган жайлооого көчкөн учурда мал жандыктарын, кала берсе кыргыз жарандарын барымтага алган учурлар катталган. Ушундай кылымга созулган кыйын кырдаалда КРнын Президенти Алмазбек Атамбаев чечкиндүү чечим кабыл алып, Көк-Таш-Ак-Сай-Тамдык жана Ак-Сай –Рават көз карандысыз жолдорун куруу маселесин ыкчам чечип берди. Жол бүтүп, Ак-Сай айылында чон той болгондо да Президенттин дарегине көптөгөн ак баталар айтылды. Учурда жогоруда аталган көз карандысыз



жол курулуп бүттү десек жаңылышпайбыз. Эгерде ушул жолдордун ондоп-түзөтүү иштери аягына чыгып, асфальт төшөлсө, Ак-Сай, Ак-Татыр, Самаркандек айыл аймактарынын эли районго, көз карандысыз жолдор менен каттап, Лейлек району жана Сүлүктү шаарына өтүүчү жарандардын коопсуздугу сакталат. Эң башкысы чек ара бүтүндүгү бекемделет жана, Баткен районун суу менен камсыздоо жакшырат.

Ак-Сай жолун куруу үчүн мамлекеттик бюджеттен 61 млн. сом каралган. Узундугу 24,5 чакырымдык жол жана 40 метрдик көпүрө кыска аралыкта курулган. Тажикстандын Хожало айылына көз карандысыз аска боорунан өткөн бул жол эки элдин ортосундагы чыр-чатакка чекит койду.



«Баткен 2015» Эл аралык III форум

*Мурадыл Мадеминов - ЖКнын депутаты:*

# «БАТКЕН ЭКОНОМИКАЛЫК ПОТЕНЦИАЛЫ КҮЧТҮҮ АЙМАКТАРГА КОШУЛАТ»



***Баткенде үчүнчү жолу инвестиция тартуу боюнча Эл аралык форум болуп өттү. Чет элдик инвесторлордун, элчиликтердин өкүлдөрүнүн катышуусу менен өткөн бул форум айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүүгө арналды. Бажы биримдигине кирер алдындагы өткөн бул иш-чара жөнүндө бизге ЖКнын депутаты Мурадыл Мадеминов кененирээк айтып берди.***

***-Сиз азыр эле форумдун мааниси жөнүндө айтып, Баткен облусунун экономикалык потенциалы кең экендигине токтолдуңуз. Кепти ушул жерден улантсак. Кандай негиздер бар?***

- Биринчиден Баткен облусунда акыркы үч жылдын ичинде мамлекет тарабынан өзгөчө көңүл бурулуп, инфраструктура жакшырды. Жолдор курулду, көз карандысыз электр энергиясына ээ болдук. Эми кол тие элек кен байлыктардан тарта, жер-жемиштерди кайра иштетүүгө кеңири мүмкүнчүлүк түзүлдү. Буюрса аймакка чакан ГЭСтерди куруу пландары алдыда. Ал эми кен байлыктарды иштетип, калктын турмуш шартын жакшыртуучу мезгил келди. Мындан тышкары Бүргөндү өрөөнүндөгү жерлерди өздөштүрүү, Лейлек районун Арка аймагына өз нугу менен суу чыгаруу сыяктуу келечектүү иштердин жакын арада ишке ашырылаарын эске алсак, чынында эле Баткен облусунун экономикалык потенциалы өтө кең.

***-Айыл чарба тармагында кандай мүмкүнчүлүктөр бар?***

-Баткен облусунда жылына 20 миң тоннага чейин мөмө-жемиштер өндүрүлөт. Экологиялык жактан таза, ширелүү бул мөмө-жемиштердин 15 пайызы гана кайра иштетилет же Россия, Казакстандын ири шаарларына жөнөтүлөт. "Баткен 2015" Эл аралык бизнес форумда бул кырдаалды өзгөртүп, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүгө башкы көңүлдү бурду. Форумга негизги өнөктөш болгон мамлекеттерден элчиликтерден башка ири инвесторлордун да келиши бул Баткендин өнүгүүгө карай кадамы деп айтууга болот.



Бажы биримдигине киргенден кийин биздин багбандардын базары кеңейет. Мурда 5 миллион калк менен иш жүргүзүп келген болсо, Евразия биримдигине киргенден кийин дыйкандардын керектөө базары да кеңейип, 180-200 млн. калкы бар Орусия менен түздөн-түз соода жүргүзүшөт. Мына Кызыл-Кыядагы мөмө-жемиштерин кайра иштетүүчү бул заводдун мисалында эле алсак жылына миң тоннага чейин мөмө-жемиштерин кайра иштетип, экологиялык жактан таза азыктүлүктөр менен Орусияны камсыздап келет. Бизде дагы мындай кайра иштетүүчү заводдорду куруу мүмкүнчүлүгүбүз көп. Кызыл-Кыядагы тамеки ферменттөөчү завод же шарап чыгаруучу комбинаттардын имараттарын жабдыктарын пайдалануу ишти кыйла алга жылдырат.

***-Буюрса мөмө-жемиштерин кайра иштетүүгө өзгөчө көңүл бурулат турбайбы?***

-Ооба, ошондой. Президент Алмазбек Атамбаев тарабынан жарыяланган «Улуттук экономиканы чыңдоо жылында» өтүп жаткан маанилүү бул иш-чарага бир катар өлкөлөрдүн элчиликтери жана чет элдик инвесторлор катышты. Алар Баткендин экологиялык жактан таза, даамдуу мөмө - жемиштерине кызыга баштады. Дүйнөгө белгилүү Баткендин өрүгү көп учурда коңшулардын колуна арзан баада өтүп, алар аркылуу Эл аралык рынокко тарап жаткан болсо, эми өрүктөрдү да кайра иштетүү колго алынып, Бажы биримдигинин алкагында азыркы бааларын эки-үч эсеге көтөрүүгө болот.

## Нагавицин Василий Иванович:

# «ИСХАК РАЗЗАКОВ»



**Баткен Кыргызстанга улуу инсандарды берди. Алар А.Орозбеков, М.Салихов, И.Раззаков, Т.Кулатов, А.Масалиевдер. Таза, эмгекчил, жупуну жашап, эл сүйүмөнчүлүгүнө ээ болгон беш көсөмдүн бири И.Раззаковдун 105 жылдыгы белгиленет. Коомдук ишмер, улуу инсан кыргыздын чыныгы уулу жөнүндө башка улуттагылар да сыймык менен эскеришет. Биз И.Раззаковдун жардамчысы Василий Иванович Нагавициндин эскерүүлөрүн кыскартып бердик.**

Мен тагдырдын буйругу менен мамлекетти башкарган адамдарга



жакын болдум. Жыйырма жыл (1943-1963) мүнөздөрү бири-бирине окшобогон Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретарларына жардамчы болуп иштедим. Аларга Вагов А.В., Боголюбовь Н.С., Раззаков И.Р., Усубалиев Т.У. кирген.

Биринчи секретарь Исхак Раззаков жөнүндөгү эскерүүмдү көргөн-билгенимдей кылып, өзгөртүүсүз айтып берейин.

Ал ар кандай мактоого татыктуу: айкөл десең айкөл, таза десең таза, жетекчиликке аты да, заты да жарашкан ак ниет киши эле. Иштеги тактык менен тазалыкты жактырчу. И.Раззаков ар дайым тез иштеп, көбүнчө стенографисттердин кызматын пайдалануучу. Аларга текстти өзү даярдап, өзү окуй турган. Мен билгенден ал өтө чечен эле. Ар дайым эркин сүйлөп, алдын ала даярдануучу эмес. Болгону колунда кичинекей блокноту гана болбосо, ал эч качан кагаз кармап, кагаз менен сүйлөөчү эмес.

Бир жолу Пржевальский шаарынан келип, И.Раззаков менен эртең мененки тамак ичкени киргенбиз. Ал жерден Горисполкомдун төрагасы Ильинди жана анын жардамчысын жолуктурат. Тамак ичкенден кийин жолго чыктык. Рай борбор Покровкага жеткенде И.Раззаков менден сурап калды: «Тамакка акча төлөдүңбү? -деди Мен баарына Ильин төлөдү дедим». Анда шофёрду карап: «Бур артка, Ильиндин төлөгөн акчасын беришибиз керек –деди, мен офисианткадан кечирим сурап, акчасын төлөдүм. Бул мага өмүр бою сабак болду».

Дагы бир окуя Министр өзүнө белгиленген убакыттан мурда кирип келет. И.Раззаков аны көрүп, «Сиз эмнеге эртелеп келип алдыңыз, ишиңиз жок беле?» -деди Ушундан кийин мындай окуялар аз болду.

Акчага байланышкан иштерди ал өзүнө да, башкага да талапты катуу койгон. Анын командировкага чыгышын дагы акчалардын эсебин мен тейлөөчү элем. Мага толук ишенчү. Масквага барганда БКнын ашканасынан тамактанып, мейманканага токточу.

Исхак Раззаковдун жумуш күнү эртең мененки саат тогузда башталып, кечки саат он бирде бүтчү. Дем алуу менен түштөнгөнгө отуз мүнөт гана убактысын коротчу да, калган учурда дайым иш менен алек болчу. Саат алтыда үйүнө кетип, кайра саат тогузда жумушка келип, түн ооганча иштей турган. Анын иш күнү мындай башталчу: абал келген каттарды карап, анан ишин баштачу эле. Каттарга кандай жооп берүүнү, эмне кылуу керек экендигин, ошол эле күнү жардамчысына айта турган. Анын атына келген бут катпы, арызбы, даттануубу атайын журналдарга катталып, алардын аткарылышын текшерүү үчүн ошол журналдар жардамчынын кол алдында боло турган.





### *Аскар Ражабалиев - жазуучу:*

# «А.АТАМБАЕВ КЫРГЫЗ ЭЛИ ҮЧҮН, МАМЛЕКЕТ ҮЧҮН КӨП ИШТЕРДИ ЖАСАДЫ»

**Атамбаев феномени бүгүн дүйнөгө таанымал болгондо да инсандык мыкты касиети, журт башчылык билгирлиги жана сабырдуу, зирек жетекчилик сапаты менен дүйнөлүк саясий айдыңда оозго алынган учуру.**

Президент Алмазбек Атамбаевдин өлкө башчысы катары бараандуу иш жүргүзүп жатканына күбө болуп турса да, айрымдар тескерисинче атайлап, тетири сүйлөшөт. Бирок, Атамбаев жөнсүз ушак-айыңдарга териккпей, эли үчүн өз ишин жасап жатат. Эң оболу анын элди ымалага келтирүү, ынтымак-ырашкерчиликти чыңдоо аракетинин жемишин тата баштадык. Буга мыкты далил катары өлкөбүздүн кайсыл бир аймагын бооруна тартып, кайсыл бир аймагын өгөйлөбөй, телегейди тегиз кармаганын айтаар элем. Түндүк-түштүктү ого бетер жакындатуучу Балыкчы-Ош кан жолун салуунун кызуу башталышы не деген изги ниет!



Мен Алмазбек Атамбаевдин лидерлик сапатынын төмөнкүдөй өзгөчөлүү үч көрөңгөсүн баса белгилеткім келет:

Биринчи, инсан катары адамдык таза сапаты, жөнөкөйлүгү. Ушул касиети менен элге тез аралашып, журтка жакын боло алды. Жетекчилик-теги мындай кишилик сапат бардык эле элдик лидерлердин энчисине берилген эмес. Кай бирөөлөр лидерибиздин дал ушул өзгөчөлүгүн түшүнө албай, «Падыша мындай болбой, сөөлөт күтүш керек» деген туура эмес пикирде жүрүшкөнүн угуп, көрүп жүрөм. Бирок, мына ушул сапат менен ал элге жакын болуп, ар кандай деңгээлдеги жетекчилер, лидерлер менен тил табуусуна шарапаты тийип келет. Башкысы терең интелекти, билими менен бай ички маданияты анын өз боюн катардагы мекендештериндей кармоосуна шыдыр жол ачкан. Натыйжада эл анын дилине жакын тутуп, Президент катары сый- урмат көрсөтүү менен жооп кайтарып жатат. Падышада мындан ашкан кадыр-барк, оомат болбос..

Экинчиси, Алмазбек Атамбаев чыныгы элдик лидерге мүнөздүү туруктуулук жана сабырдуулук касиеттин ээси. Лидерлик, инсандык, саясий турум (позициясы), алдын көрө билген зиректиги жана чечкиндүүлүгүн айтаар элем.

Үчүнчүсү, Республикабызда ажырыктын тамырында, жөргөмүштүн уясындай кызыл-чие болуп чырмалышып кеткен жем коррукка каршы орчулабай чабуул баштаган батылдыгы. Арийне, жылдар бою ичке бүткөн жарадай республиканын дене-боюна сиңип кеткен жем-корлукту чү деген жерден жоё салуу керек деген бери дегенде «жеңил оозгордун» кеби. Анын батылдык касиети мамлекетибиздин астанасы болгон «Манас» аэропортунан АКШнын Ганси авиациялык базасын чыгаруудагы чебер саясаты менен иш билгили-гинен көрүндү.

Оппоненттер Алмазбек Атамбаев жөнүндө туура эмес ар түрдүү пикирлерин айтышат. Өнүгүү үчүн оболу өнүгүүгө таяныч боло алгыдай негиз, жарамдуу экономикалык пайдубалды бекем түптөп алуу зарыл. Учурда Президентибиз дал ушул багытта иш алып барууда.


Буга Жогоруда белгилегенибиздей эң оболу экинчи Түндүк-Түштүк чоң жолунун күрдөөлдүү ыргакта курулуп жатышын айтуубуз абзел. Бул кан жол республикабыздын ар тараптан төлчигүүсүнө мыкты шарт түзөөрү шексиз. Ошондой эле, бир эл-жерибизди Түндүк-Түштүк деп бөлүүгө шарт түзбөй, жакындаткандыгында.

Элибиз эгемендикти алган жыйырма жылдыкта чек ара көйгөйү дээрлик көңүл сыртында калып келгени талашсыз. Ал эми, Алмазбек Атамбаев адегенден ушул түйшүктү жеңилдетип, чечүүгө ык койду. Буга мен Баткен облусунда жасалган күрдөөлдүү иштерди сыймыктануу менен белгилей-мин. Баткен эли жыйырма жылдап чек ара, жол-катнаш азабын жетишерлик тартып келишти. Кошуна мамлекеттер-ге көз карандысыз Бөжөй-Айдаркен, Айгүл-Таш-Таян, Көк-Таш-Тамдык, Баткен-Көк-Талаа жолдору бүткөрүлүп, эл ушкүрүгү басылды. Ош-Лейлек кан жолу тездик менен курулууда. Ушул үлкөн жумуштардын бүткөрүлүп жатышынын башкы себепкери Алмазбек Атамбаевге Баткен эли байма-бай ыраазылыгын айтып келет.

Кыргыз армиясы заманбап курал-жарактарга ээ болуп, чек аралар чыңдалып, жыйырмадан ашык имараттар курулууда.

Айтор, Президентибиз Алмазбек Атамбаевдин салмактуу, эрктүүлүк жана алдын ала көрө билүү менен жүргүзүп жаткан ар тараптуу саясаты, иш аракеттери элдин колдоосуна ээ болууда. Демек, эл ага түшүнүп жана бекем колдоп жатат. Баткен эли өз Президентинин ак ниет иш аракеттери-не тилектеш жана тирек болууга даяр.





### Салижан Хамрабаев - КРнын Өкмөтүнүн өкүлчүлүгүнүн аймакты өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы:


# «ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫ БОЮНЧА КОШУНА ӨЛКӨЛӨРГӨ БОЛГОН КӨЗ КАРАНДЫЛЫКТАН КУТУЛАБЫЗ»

**Айгүл-Таш-Самат жогорку чыңалуудагы электр линиясын тартуу Баткен облусу үчүн тарыхый курулуштардын бири. Жалпы узундугу 140 чакырымды түзгөн стратегиялык мааниси чоң бул иштин жүзөгө ашырылышын эл чыдамсыздык менен күткөн. Айгүл-Таш-Самат жогорку чыңалуудагы электр линиясынын ачылуу аземине катышкан Президент Алмазбек Атамбаев бул Баткен облусунун өнүгүүсүнө жасалган биринчи кадам. Буюрса мындай келечектүү иштердин дагы далай ачылыш салтанаттарында жолугушаарын айткан болчу.**

Айгүл-Таш-Самат жогорку чыңалуудагы электр линиясын тартуу Баткен облусу үчүн тарыхый курулуштардын бири. Жалпы узундугу 140 чакырымды түзгөн стратегиялык мааниси чоң бул иштин жүзөгө ашырылышын эл чыдамсыздык менен күткөн.

Республика эгемендүүлүккө жетишкени менен, анын административдик аймагы болгон Баткен облусу электр энергиясы жол тармактары боюнча коңшуларга көз каранды болуп келген. Лейлек району менен Сүлүктү шаары Тажикстандан электр энергиясын алып тургандыктан өзгөчө кыш мезгилинде электр энергиясын эскертүүсүз өчүрүлүп, аймактын калкы далай кыйынчылыктарга дуушар болушкан. Ишканалар токтоп калган. Мындай кырдаалда Сүлүктү шаарынын кенчилери көп кыйынчылыктарга дуушар болуп, өндүрүштүн көлөмү төмөндөгөн. Бул абалды жөнгө салуу максатында Баткен, Лейлек жана Сүлүктү шаарларынын айылдарына Кыргыз энергосистемасы аркылуу көз карандысыз электр энергиясын жеткирүү аракеттери башталды. Бул максатта 110 киловольттук «Айгүл-Таш-Самат» көмөкчү чордонунун курулушу 2012-жылы ишке киргизилди. Натыйжада 140 км узундукта электр чубалгылары тартылып, кыргыз айылдары кошуна өлкөлөргө көз карандысыз электр энергиясын колдоно баштады.





Ири өлчөмдөгү инвестициялык каражаттар менен ишке ашкан бул долбоор бай тажрыйбага ээ болгон Француялык курулушчулар аркылуу жүзөгө ашырылган. Ал эми курулуш иштерине эл аралык электро курулуш тармагында бай тажрыйбага ээ болгон Франциялык курулушчулар курган.

«Айгүл-Таш-Самат» көмөкчү чордонунун ишке берилиши менен Лейлек районунун дагы 40 пайыз аймагы же болбосо Арка өрөөнү Тажик Республикасына көз каранды болуп кала берген. Толук түрдө көз карандылыктан арылуу максатында Айгүл-Таш-Самат көмөкчү чордонунан Арка көмөкчү чордонуна чейин «Раззаков подстанциясы» жана 51 км электр чубалгыларын тартуу иштери да кызуу жүрүп жатат. Бул долбоорду Азия өнүктүрүү, Ислам банкы жана Кувейт өнүктүрүү фонддору каржылашмакчы. Долбоордун жалпы суммасы 18 млн. АКШ доллары.

Муххамад Карим ажы

# «БИРИМДИГИБИЗ, ТЫНЧТЫГЫБЫЗ БИЗДИН БАШКЫ БАЙЛЫГЫБЫЗ»



**Бүгүн биз тарыхый учурда элибиз өзү алдыга койгон максаттилектери менен тынчтык демократиялык мамлекетте жашап жатабыз. Эгемендүүлүктө биз көптөгөн жакшы иштерге жетиштик, бул нерселерди кылымдар бою бул азаттыкты, эркиндикти, тынчтыкты арзуу кылып күткөн элек. Бул улуу ниматты элибиз туура түшүнүп, биримдикте кудайга шүгүр кылып жашаш керек.**

Элибиз басып өткөн көп кылымдык тарыхында көп кыйынчылыктарды башынан кечирди ошолордун таасири астында тилибиз-динибиз, маданиятыбыз, каада салтыбыз коркунучтун астында калганын баарыбыз жакшы билебиз. Ушул өткөрген күндөрүбүз бардыгыбызга сабак болуп азыркы улуу ниматты ар бир Кыргызстан жараны абайлап сактап тынч жашоо ар бирибиздин милдетибиз. Өз тарыхын өткөн күнүн унуткан улуттун келечеги жок. Азыркы күндө Кыргызстан элине эң зарыл нерсе тынчтык, улуттар аралык биримдик. Мамлекет күчтүү болсо, байлыгы көп болсо, шаркыраган суусу, улуу тоолору, мажурум тал болсо, бирок тынчтыгы болбосо бул эч кимге татыбайт. Инсан дайыма жакшылыкка изденүү менен алдыга умтулуп жашаш керек. Мурдагы жылдарга салыштырмалуу, жакшылыктар көп, эл үчүн жаңы турак жайлардын курулушу, электро энергия, көпүрөлөр заманбап мектептер жана бала-бакчалар, аба жолдору, бир канча жылдан бери бүтпөгөн Ош-Баткен-Исфана жолунун тез арада бүткөрүлүшү, сууга муктаж жерлерге суу чыгышы, мусулмандар үчүн кубанычтуу нерсе. Ислам динине болгон мамлекеттин жакшы көз карашы аябай кишини кубантырат. Эмне үчүн биз көз көрүнөө болуп жаткан мындай иштерге шүгүр кылбашыбыз керек. Той тамашаларда элибиз Өлкө башчысына ыраазы болуп, рахмат айтып жатышы да бекеринен эмес. Бизге мындай жакшылыктар көп буюрсун.

2014-жылдын 7-февралында КРнын Президенти Алмазбек Атамбаев диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат жөнүндө Коргоо кеңешинин чечимин ишке ашыруу тууралуу жарлыкка кол коюшу динчилердин көз карашын өзгөрттү. КРнын Президентинин Аппараты диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат жөнүндө коомчулуктун жана дин кызматкерлеринин маалымдуулугун жакшыртуу, сабырдуулуктун деңгээлин жогорулатуу жана диндин радикалдашуусун болтурбоо боюнча долбоорлорду ишке ашырууга чакырган «Ыйман» диний маданиятты колдоо фондунун ишин уюштуруу бардык дин кызматкерлерине стипендия менен камсыз кылышы тарыхта болбогон иш болду.

Кыргызстандын мусулмандары үчүн салттуу болгон Ханафий мазхабын туткандардан гана мечиттердин имамдарын, имам-хатибдерди, казыларды дайындоо жана Аалымдар кеңешинин мүчөлөрүн, муфтини шайлоо-деген пункту өзгөчө күч берди. Биздин Республикада динге берилген эркиндик арап өлкөлөрүндө да жок, Президенттин ак үйдө болгон мечит, жогорку кеңештин имаратында намаз окуш, даваттын ачык жүрүшү башка коңшу мамлекеттерде мындай эркин саясат жок.

Аллах таала Куранда «Аллах таалага, пайгамбарга өзүңүздөн болгон башчыга баш ийүүнү-айтып, падышага моюн ийүүгө буюрат. Имам Термизий рывает кылган хадисте пайгамбарыбыз айтат кыямат күнү Аллахка инсандардын эң сүйүктүүсү жана эң жакыны Адыл жетекчидир. ТАУХИД китебинде айтат. Биз өз өлкө башчыларыбызга имамдарыбызга акаарат келтирүү жакшы эмес деп билебиз.

**Алчынбай Төралиев - Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн башчысы:**

# «БАТКЕН ОБЛУСУНАН КӨЧКӨНДҮР ЭМЕС, БАТКЕНГЕ КӨЧҮП КЕЛГЕНДЕРДИН САНЫ АРБЫДЫ»

**Баткен 15 жылда көп тарыхый окуяларды баштан кечирди. 1999-2000-жылдардагы коогалаңдар, андан кийин да 2013-жылы Өзбекстандын Сох анклавы менен чектешкен Чарбактагы чыр-чатак, 2014-жылдагы Ак-Сай окуясы ушул мезгилдерге туш келди. Маселе мамлекеттик деңгээлдерге чейин жетип, Президенттердин жана Өкмөттөрдүн сүйөшүүлөрүнөн кийин 100 жылдап чечилбей келген кыргыз-тажик, өзбек-кыргыз чек араларындагы маселелер чечилип, араздашуулар дээрлик токтоду.**




Баткен облусун түзүү менен өзүнүн географиялык, гемографиялык көрсөткүчтөрү, жаратылыш ресурстары, өндүрүштүк экономикалык жана маданий социалдык потенциалы боюнча бул аймак өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылууга да өзгөчө мааниге ээ. Ошого карабастан эки Республика менен чектешкен Баткен өрөөнүнө өз кезегинде көңүл бурулган эмес. Натыйжада чек ара, жол, сууга байланышкан чыр-чатактар күч алып, өзгөчө алыскы Лейлек, Баткен районунун тургундарынын миграциялык агымы күч алган. 1990-жылдардагы оор кырдаалдарды азыр айтып отурса жомоктогудай. Чаңдуу таштак жолдордо Өзбекстан, Тажикстан аркылуу Ош, Бишкекке каттаган аталган аймактын тургундары коңшулардын чек ара тосмолорунда далай азап чегишкен. Ошол учурда бийлик жол курабыз, чек араны чечебиз, Баткенге көңүл бурулат дегени менен баары сөз бойдон кала берген. Натыйжада элдин бийликке болгон ишеними кетип, Чүй бооруна жана башка жактарга элдер көчө баштаган.

Тажик-кыргыз, кыргыз-өзбек чек араларында жаңжалдар күчөгөн. Такталбаган чек ара аймактарында шахмат тартибинде жайланышып калган айылдардан чыккан чыр-чатактардын айынан киши өмүрү кыйылып, үйлөр өрттөлгөн окуялар жүз берген.

«Мындан ары мынтип жашоого болбойт. Маселе бир жактуу чечилиш керек» деген элдин талабы акыркы үч жылдын аралыгында чечилип, көп жыл бою сөз болуп, бирок ишке ашпай келген маселелер жүзөгө ашууда. Алар көз карандысыз жол курулуштары, дың жерлердин өздөштүрүлүшү, жер, суу, чек ара маселелерин чечиле башташы.

Азыр Баткен облусунан көчкөндөр эмес, тескерисинче Баткенге көчүп келе жаткандардын саны арбыды. Кооз жаратылышы, даамдуу мөмө-жемиштери жана эмгекчил эли менен таанылып келген өрүкзарлуу өрөөн бүгүн өнүгүү доорун баштан кечирүүдө.

Өрөөндүн чоң мындай мүмкүнчүлүктөрүнө өз учурунда баа берип эле калбастан анын маселелерин кабыргадан коюп, чечкиндүү чечимдерди кабыл алган Президент Алмазбек Атамбаевке Баткен эли көп жерде өз ыраазычылыктарын айтып келишет. Кар кетип, из жоголгону менен жаңы курулган жолдор же кечээ эле Тажикстанга электр энергиясы боюнча көз каранды болуп турган учурлар өткөн күндөрдү эске салат. Азыр облустун калкы мурдагыдай коңшу өлкөлөрдүн анклавтары аркылуу эмес, эгемендүү жолдорго ээ болушту. Мындай кыска мөөнөттөгү жаралган жакшы ийгиликтер элдин жашоо турмушун өзгөртүп, бийликке болгон ишенимин арттырууда.



## Бермет Закирова - акын

**Бермет Баткен районунун чакан Чек деген айылынын тургуну. Жаш талант дегенибиз менен белгилүү акындардан кем эмес ырларды жазып, адабият майданына таанылып бараткан акын кыздарыбыздын бири. Анын нукура турмуштан алынган жөнөкөй жүрөккө жакын ырлары кимди болбосун кайдыгер калтырбайт.**



### Терезе

*Кыйык көзгө тарыбасмын, кеңейбесмин,*
*Жаман сүйлөп обу жокко теңелбесмин.*
*Кара өзгөйдүн шамалынан ушуп кеттим,*
*Жабык койчу жан дүйнөмдүн терезесин!*

*Өмүрүмдүн кышы эмес, күзүндөсүң,*
*Көңүл жиби суук сөздөн үзүлбөсүн.*
*Жаратканым күч-дарамет узата жүр,*
*Жан дүйнөмдүн айнектери кубулбөсүн.*

*Арданбаймын сынына да ашык кептин,*
*Асыл ойго, ырыскыга шериктешмин.*
*Максат, тилек сезимдерим келээр маал,*
*Ачык койчу жан дүйнөмдүн терезесин!*

### Өзүңө

*Жылытып койчу мени!*
*Жашоонун ызгаарынан ушуп турам,*
*Муңканган канаты жок кайрыктардын,*
*Сабында бир өзүңдү күтүп турам.*

*Унутуп койчу мени?!*
*Унуткун, жалт караткан каректерди,*
*Шүүдүрүм тамчысындай таза бойдон,*
*Жазылган сезимдеги даректерди!*

### Мен аялмын!

*Түйшүк басып турса дагы ийинден,*
*Бир сап ырды таап алып сүйүнгөн.*
*Үйдөн чыкса дайым орду билинген,*
*Мен Аялмын, жупжупуну кийинген!*

*Келин болуп бата алууга жүгүнгөн.*
*Коломтодон от өчүрбөй үңүлгөн.*
*Кетпесин деп ырыс-кешик үйүмдөн.*
*Мен Аялмын жакшылыкка сүйүнгөн!*

*Бала өстүрүп, укум-тукум улаган,*
*Бак-дөөлөттү бириктирип кураган.*
*Балдарымдын кубанычына ортоктош,*
*Аял болуп калганыма кубанам!*

Келечектин өрөөнү

# "БҮРГӨНДҮ ӨРӨӨНҮНДӨ 4000 ГЕКТАР ЖЕР ӨЗДӨШТҮРҮЛӨТ"

Бүргөндү өрөөнүндө 30 миң гектарга чукул өздөштүрүлө элек дың жерлер бар. Баткен облусунун эле эмес, Кыргызстандын экономикасына таасир берүүчү аталган өрөөндүн дың жерлери толук өздөштүрүлсө, эң башкысы чек ара бүтүндүгү бекемделет.

Учурда Президенттин өлкөнү өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын алкагында жүзөгө ашырылып жаткан Бүргөндү өрөөнүнүн экинчи этабын өздөштүрүү үчүн Түрк грантынын эсебинен 7 млн. 200 миң долар бөлүнүп курулуш иштери кызуу жүрүүдө.


2016-жылы жүзөгө ашуучу бул ири долбоор ишке ашса 4000 гектарга жакын дың жерлер өздөштүрүлүп, Баткен облусунун жерге муктаж 5000 ашуун жаштарынын жаңы шаарчасы пайда болот.

Бүргөндү өрөөнүндөгү жаратылыш газы менен нефтинин чийки заттарын буга чейин Өзбек Республикасы иштетип келди. Апрель революциясынан кийин жаңы бийлик бул маселеге астейдил көңүл буруп, Өзбекстан пайдасын көрүп келген нефти газ чыккан бул аймак Кыргызстанга кайтарыган. Ошого удаа эле Ак-Турпак айыл аймагынын өйдөңкү аймагынан көлөмү 500 млн. кубдук жаратылыш газынын мол запастары табылды.


Бир эле Баткендин эмес, Түштүк жергесин көгүлтүр от менен 15 жылга чейин камсыз кылууга мүмкүнчүлүгү бар бул иштер жүзөгө ашса, аймактын экономикалык социалдык жашоо турмушунун олуттуу жакшырышына өбөлгө түзөт.















# МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН АКЫРКЫ 4 ЖЫЛДА ЖҮЗӨГӨ АШЫРЫЛГАН ИРИ ДОЛБООРЛОР

Акыркы 4 жылдын ичинде Баткен облусунда ири долбоорлор ишке ашты. Президент А.Атамбаевдин чечкиндүү иш аракеттери менен кошо КРнын Өкмөтү, Жогорку Кеңештин колдоосу менен чек ара, жол, суу, социалдык объектердин курулуштарына Мамлекеттик бюджеттен жана инвесторлордун эсебинен 19 млрд. 213 млн. сомдук акча каражаты каралып бүгүнкү күнгө 12 млрд. 457 млн. сом акча каражаттары каржыланды.

Баткен облусунда акыркы 4 жыл ичинде 3 млрд. 978 млн. сом салык топтолуп анын ичинен 2 млрд. 511 млн. сому Мамлекеттик бюджетке которулду. Бул Баткен облусун мамлекет тарабынан каржылаган капиталдык салымдардын 13% түзөт.

Алдыда Баткен облусунун өнүгүүсү үчүн чоң келечек – кен байлыктарды иштетүү жана алардын эсебинен аймакты өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү турат. Кол тийе элек тоо кен байлыктардын мол запастарын эске алсак, Баткенге эмес, Баткен мамлекеттин өнүгүшүнө өз салымын кошот.

## 2011-2014-ЖЫЛДАРГА КАПИТАЛДЫК САЛЫМДАР

| № | ИШКЕ АШКАН ИРИ ДОЛБООРЛОР | 2011-2014жж.факт | |
|---|---|---|---|
| | | Смет.баасы | каржыланганы |
| В | Р/Б жол жана иригациялык тармакка, | 100 | 100 |
| Г | Социалдык курулуштарга | 1191 | 463 |
| Д | Инвестициялык долбоорлор (жол) | 6309 | 5830 |
| 1 | Көк-Талаа-Пулгөн 14.7 км 8.6 млн Евро | 480 | 412 |
| 2 | Пулгөн-Бүргөндү-Жаңы-Жер 87км 82 м$ | 4018 | 4018 |
| 3 | Жаңы-Жер-Баткен-Исфана 125км 92м$ | 4508 | 1400 |
| Е | Жана башка долбоорлордун эсебинен | 4215 | 4215 |
| | Баары | 19213 | 12457 |
| Ж | Баткен облусуна 2011-2014-жж топтолгон салык | 3978 | 2511 |
| | Анын ичинен Р/Б жергиликтүү бюд. которулганы | 2511 | 13% |

## 2011-2014-ЖЫЛДАРГА КАПИТАЛДЫК САЛЫМДАР

| № | ИШКЕ АШКАН ИРИ ДОЛБООРЛОР | 2011-2014жж.факт | |
|---|---|---|---|
| | | Смет.баасы | каржыланганы |
| А | Р/Б чек-ара аймактарын чыңдоого | 6018 | 1573 |
| 1 | КРӨнүн 28.01.2013ж №19-б | 370 | 370 |
| 2 | КРӨнүн 18.09.2013ж №516 | 1239 | 812 |
| 3 | КРӨнүн 16.05.2011ж №229 | 4409 | 333 |
| | | | |
| Б | Р/Б эсебинен ички жол курулуштарына | 1380 | 276 |
| 1 | Айгул-Таш-Согмент-Таян | 237 | 114 |
| 2 | Бел-Сегет-Бөжөй | 326 | 61 |
| 3 | Ак-Сай-Рават | 584 | 15 |
| 4 | Кулунду-Максат | 48.6 | 18.6 |

## Самара Каримова - ырчы:

# «ЖОЛДОШУМ ЭКӨӨБҮЗ СҮЙҮШҮП БАШ КОШТУК»

***Кийинки учурларда Самара Каримованын ырлары көпчүлүктүн көңүлүн буруудa. Өзгөчө ата, апа , туулган жер жөнүндөгү обондуу ырларын кол телефондорго жаздырып алып, угуп жүргөндөр арбын. Биз Баткен облусунун Лейлек районундагы суйкайган таланттуу да, сулуу да кызы Самара Каримова менен баарлашканбыз.***

***– «Жолдошу Асанга турмушка чыга электе белгилүү деле эмес болчу. Өзүнөн бир топ жаш улуу адамга турмушка чыгып алып, Самаранын жылдызы жанды» деп көп айтылып келет. Чыгармачылыгың менен жеке жашооңду бирге алып кетүү кыйын эмеспи?***

– Эң биринчиден, бул менин жеке жашоом. Жолдошум экөөбүз сүйүшүп баш коштук жана бактылуубуз. Биз экөөбүз тең чыгармачыл адам болгондуктан, жогоруда айтып жаткан нерселер көрүнүп калышы мүмкүн. А жашоодо биз бактылуу адамдардын катарын толуктайбыз. Буюрса, үч балалуу да болуп калдык. Негизи мен кайын-журттан жолдуумун. Бул мактангандык эмес. Менин эң биринчи күйөрманым – бул кайненем. Ал киши мага «Балам, талантың бар. Үй-бүлөң менен талантыңды бирдей алып кет» деп айтып калат. Бир четинен алып караганда, мени жана менин чыгармачылыгымды жолдошум жана жакындарым колдобогондо ким колдойт? Кудайга шүгүр! Башка бирөөлөрдүн жардамын күтпөй эле, баардык жагынан жолдошум колдоп келет. Эгерде талантың жок болсо, миллиондорду чаптаса да ал нерседен эч майнап чыкпайт. «Буга чейин Самаранын аты-жыты жок болчу» деген сөздөр айтылып атпайбы, мен буга чейин мектепте окуп, билим алып, көп убакыт даярдандым. Кечээ туулуп, бүгүн сахнага чыга калган жокмун. Мен болгону жыйырма төрт гана жаштамын. Үч баланын сүйүктүү энесимин. Жыйырма төрт жашымда ушундай ийгиликке жеткеним мен үчүн сыймык.

***– Жолдошуң экөөңөрдүн жаш курагыңардын айырмачылыгы айрым учурларда кыйынчылыктарды жаратпайбы? Кызганган учурлары да болсо керек?***

– Эгер ортодо сүйүү болсо, анда андай нерселер билинбейт. Эң башкысы ортодо сүйүү болуш керек. Албетте, сүйгөн адамыңды кызганып, башкага ыраа көрбөйсүң. Бирок аша чаап кетпей, баардыгы чеги менен болот. Кээде жолдошум кызганганда Алтынай Нарбаева экөөбүз ырдаган дуэттен «Кызган мени, кызган, бирок билдирбе» деп ырдап калам (күлүп). Жашоо ошонусу менен кызык да. Жолдошуң бир топ жаш улуу болгону жакшы. Себеби ортодо чоң сүйүү, сый болот. Кандай гана кырдаал болбосун, мени дайыма туура түшүнүп, сыйлап турат. Мен да дайыма «сиз» деп кайрылып, катуу айтпайм.

***– Улуу адамга турмушка чыкканыңа өкүнгөн учурларың болобу?***

– Башка адамдар мен үчүн «турмушка өзүнөн улуу адамга чыгып алды» деп кайгырып, өкүнүп аткан чыгар. Бирок жеке өзүмдө андай нерсе болгон эмес. Тескерисинче, чыгармачылыгымды баалап, мени сыйлаган адамга турмушка чыгып, түтүн булатып жашап калганыбызга сыймыктанам.

***– Ачууланып кол көтөргөн учурлары кездешти беле?***

– Биздин үй-бүлөдө көбүнесе кызгануунун аркасында таарыныша кетебиз. Ал эми турмуш кургныбызга беш жыл болсо да мага бир да жолу катуу айтып, кол көтөргөн эмес. Бул нерсе аялдардан деле көз каранды болуш керек.




***– Бири-бириңерди кантип эркелетесиңер?***

– Мен сегиз бир туугандын кичүүсү болгондуктан, аябай эрке чоңойдум. Турмушка чыккандан кийин эркелик калып, бара-бара оор басырыктуу айымга айландым. Мен кайненемдин оң колумун (күлүп), баардык маселелерди мага ишенип табыштап коёт. Ооба, бири-бирибизди эркелетебиз. Мен жолдошумду эркелетип Аске деп коём. Ал болсо менин жиним келгенде «капкарам менин» деп эркелетип калат (күлүп)

**Кымбат Турдубекова**

Башкы редактор:
Адылбек Акматов
Тел.: 0 3622 5 02 64
0 772 07 60 60
batkentan@mail.ru

Башкы редактордун орун басары:
Зулфия Урайимова
Редактордун коммерциялык иштери боюнча орун басары
Абдрашит Исаков
моб. 0778-81-27-67

Башкы эсепчи
С. Асланов
Сүрөтчү
Ш.Тилебаев
Дизайнер
С. Анаркулов
Э. Ибрагимова
Корректор
З. Осмонова

Кабарчылар
Ш.Эгембердиева (Кадамжай)
С.Абдукаримов (Кызыл-Кыя)
Т.Матаев (Лейлек-Сүлүктү)
А. Турботоев (Бишкек-Чүй)

Реквизиттерибиз: Баткен РОК спец счет, р-с 1290414132710045, л/с 4408021103005275, ИНН 01602200010049, ОКПО 22481454, Баткенский филиал ОАО РСК Банк, БИК 129041, 720100 Баткен шаары.

Гезит редакциянын компьютердик борборунда даярдалып, "Из-Басма" басмаканасында басылды.
Нускасы: 5000

Гезитке жарыяланган реклама, кулактандыруулар өзгөртүүсүз жарыяланат жана так эместиктерге реклама берүүчүлөр жооптуу. Кол жазма кайтарылбайт. Гезитке жарыяланган макалалар редакциянын көз карашы болбойт